КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
АРСТАНБАП-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АРСТАНБАП-
АТИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XIV сессиясынын**

# ТОКТОМ
## №21

**Айыл өкмөтүнүн административдик имаратынын кире беришине Face ID системасын орнотууга каражат бөлүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун тапшырмасына ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Т.К. Текебаевдин Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын кызматкерлери, райондук мамлекеттик администрациялардын башчылары жана шаарлардын мэрлери менен 2026-жылдын 17-июлунда өткөргөн онлайн жыйынынын №13 протоколдук тапшырмасын аткаруу максатында, айыл өкмөтүнүн административдик имаратынын кире беришине Face ID системасын орнотуу зарылдыгын эске алып, Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык, Арстанбап-Ата айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Т.К. Текебаевдин 2026-жылдын 17-июлундагы онлайн жыйынынын №13 протоколдук тапшырмасын аткаруу максатында, Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн административдик имаратынын кире беришине кызматкерлердин кирип-чыгуусун электрондук каттоо үчүн Face ID системасын орнотуу зарылдыгы белгиленсин.

**2.** Face ID системасын сатып алууга жана орнотууга байланыштуу чыгымдарды каржылоо үчүн Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен **75 000 (жетимиш беш миң) сом** өлчөмүндө акча каражаты каралсын.

**3.**Токтомдун аткарылышы Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**4.** Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Ж.Абдухалилов